КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАЛБА АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
КАЛБА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
КАЛБИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КАЛБИНСКОГО АЙЫЛЬНОГО
АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЯ

6.04. 2022 № 16 А. Огонбаев айылы

**«Айыл чарба багытындагы жерлерди суугаруучу сугат каналын куруу үчүн жер участогун которуу (трансформациялоо) жөнүндө»**

Айыл чарба багытындагы жерлерди суугаруучу сугат каналын куруу үчүн жер участогун которуу (трансформациялоо) боюнча Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө» Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 токтому менен бекитилген «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө” Убактылуу жобону карап көрүп, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесин жетекчиликке алып Калба айылдык Кеңеши;

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Калба айылдык аймагынын административдик чегинде жайгашкан Талас токой чарбасына караштуу “Кара-Дөбө” участогунун №16; №33; №39; №26; №25 чөйрө сызыктарындагы жалпы аянты 1,7 га жер участогуна айыл чарба багытындагы жерлерди суугаруучу сугат каналын куруу үчүн «Токой фондусунун жерлери» категориясынын токой жерлер түрүнөн «Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер» категориясынын суу алдындагы жерлер түрүнө которууга (трансформациялоого) макулдук берет.

2. Жерлерди бир категориядан башкасына же чарба жерлеринин башка түрүнө которуу (трансформациялоо) жөнүндө жерге жайгаштыруу көктөмөсүн даярдоо менен байланышкан иштерди каржылоо, Калба айыл өкмөтүнүн каражатынын эсебинен жүргүзүлсүн.

3. Жогоруда аталган мыйзамдарга ылайык, которуу (трансформациялоо) боюнча тиешелүү корутундуларды алуу үчүн иш кагаздарды жана Талас райондук жер комиссиясына сунушту даярдоо жагы Калба айыл өкмөтүнүн башчысы З. Төлөевага милдеттендирилсин.

Төрага Сатыбек у Максат